**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
«Эл баасы»
**АККРЕДИТАЦИЯЛЫК АГЕНТТИГИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**АККРЕДИТАЦИОННОЕ АГЕНТСТВО**
«Эл баасы»

**KYRGYSTAN, ACCREDITAION AGENT "ЭЛ БААСЫ"**

Ош ш., 723500, К-Датка к., 287/30
Тел.: +996 773 50-00-54

287/30, K-Datka Street, Osh, 723500
Phone: +996 777 64-41-21

г. Бишкек, ул. Киевская, 77/128а
Тел.: +996 772 62-89-36

# Буйрук

2021-жылдын 7 июну № 32 Бишкек/Ош ш.

**"И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде ишке ашырылып жаткан 532000 - «Дене тарбия» кесиптик билим берүү (магистратура) багытын Программалык аккредитациялоонун жыйынтыгы жөнүндө"**

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде ишке ашырылып жаткан **532000 - «Дене тарбия» кесиптик билим берүү (магистратура) багытын** программалык аккредитациялоонун жыйынтыгы боюнча Аккредитациялык Кеңештин чечиминин негизинде

**БУЙРУК КЫЛАМЫН:**

1. И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде ишке ашырылып жаткан 532000 - «Дене тарбия» кесиптик билим берүү (магистратура) багыты 1 (бир) жылдык мөөнөткө программалык аккредитациядан өттү деп эсептелсин;
2. Аталган билим берүү уюмуна 2022-жылдын 2-июнуна чейин мамлекеттик үлгүдөгү документ берүү укугуна ээ деген сертификат берилсин;
3. Окуу жайынын жетекчилиги Тиркемеге ылайык, эксперттик комиссия көрсөткөн кемчиликтерди жоюу жана Аккредитациялык кеңештин сунуштарын колго алуу боюнча иш чаралардын План-графигин түзсүн жана аны ишке ашырсын;
4. Аталган окуу жайынын жетекчилигине Аккредитациялоодон кийинки окуу жайынын ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүп туруу боюнча "Эл баасы" аккредитациялык агенттиги менен 2021-жылдын 1-июлуна чейин "келишим" түзүү милдеттендирилсин.
5. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө "Эл баасы" ААнин адиси М. Стамбаевага тапшырылсын.

***Негизи**: Аккредитациялык кеңешинин (АК) 2021-жылдын 2-июнундагы №3 протоколу*

# Приказ № 32

**"О программной аккредитации образовательной программы 532000 "Физическая культура (магистратура)" реализуемый, в Кыргызком государственном университете имени И.Арабаева"**

Согласно Решения Аккредитационного Совета по результатам Программной аккредитации образовательной программы **532000 “Физическая культура (магистратура)”** реализуемый, в Кыргызком государственном университете имени И.Арабаева

**Приказываю:**

1. Считать прошедшим программной аккредитации образовательной программы **532000 “Физическая культура (магистратура)”** Кыргызского государственного университета имени И.Арабаева сроком на 1 (один) год;
2. Выдать сертификат с правом выдачи документов государственного образца до 2 июня 2022 года;
3. Руководству образовательной организации разработать План-график мероприятий по устранению, отмеченных в ходе аккредитации, недостатков и замечаний в организации образовательного процесса, согласно Приложение и его реализовать;
4. Руководству образовательной организации составить “договор” с АА “Эл баасы” на проведения постаккредитационного мониторинга хода устранения недостатков и замечаний Экспертной комиссии и Аккредитационного совета в организации образовательного процесса, до 1 июля 2021 года.
5. Контроль за ходом исполнения данного приказа возлагаю на специалиста АА “Эл баасы” М.Ш.Стамбаевой.

**Основание:** *Протокол Аккредитационного Совета (АС) № 3 от 2 июня 2021 года.*

**Директор** **М. Бабакулов**

Подг.: Стамбаева М.Ш. тел. 0777 543 468

«Эл баасы» Аккредитациялык
агентигинин 2021-жылдын
7 - июнундагы №32 буйругуна
**Тиркеме**

**532000 – «Дене тарбия» кесиптик билим берүү (магистратура) багытын Программалык аккредитациялоо учурундагы Сырттан (эксперттик) баалоо комиссиясынын корутундусуна жана Аккредитациялык кеңештин сунуштарына жараша аткарылууга тийиш болгон мезгилдүү иш чаралары**

| № | Аккредитациялоо учурунда көрсөтүлгөн кемчиликтер жана аларды жлюу боюнча сунуштар | Сунушталган аткаруу мөөнөтү |
|---|---|---|
| 1 | Окуу жайынын Миссиясы, максаты жана милдети так аныкталып Уставында көрсөтүлө элек. Бирок, андай түшүнүктөр Окумуштуулар кеңешинде каралган.<br>Сунуш: эми атлган түшүнүктөрдү окуу жайынын Уставына киргизүү (кошуу) зарыл. | 01.09.2021 ж. |
| 2 | 532000 – «Дене тарбия» кесиптик билим берүү (магистратура) багытын ишке ашырууга жооптуу өзүнчө окуу структурасы (кафедра) уюштурулбаган.<br>Сунуш: типтүү жобого ылайык "Бүтүрүүчү кафедра" уюштурулууга тийиш | 01.09.2021 ж. |
| 3 | 532000 – «Дене тарбия» кесиптик билим берүү (магистратура) багыты боюнча лицензияда магистранттардын чектелген саны - 50 деп көрсөтүлгөн, ал эми аталган багытта -21 (биринчи окуу жылында 15, экинчи окуу жылында 6) магистрант окуйт). Бул көрсөткүч коомдо магистранттарга болгон талаптын аз экендигинен же окуу жайындагы кесипке багыт берүү иш чараларынын жетишишдигинен кабар берет.<br>Сунуш: Окуу жайы, аталган билим берүү программасы боюнча кесипке багыт берүү иштерин колго алуусу зарыл. | 1.08.2021 ж. |
| 4 | Атайын окуу структурасы жок болгонго байланыштуу, аталган билим берүү багытынын окутуучуларынын сапаттык курамын тактоого болбойт б.а., лицензиялык талапта көрсөтүлгөн, окуутуучулардын сапаттык курамы 60% деген көрсөткүчтү аныктоого болбойт. 2020-2021-окуу жылына түзүлгөн штаттык формуляр боюнча аталган билим берүү программасын 6 окутуучу тейлейт, анын бирөөсү гана негизги (штатный), калгандары айкалыштыруучулар (совместители). Бул көрсөткүч лицензиялык талаптарга жооп бербейт.<br>Сунуш: аталган билим берүү программасында иштеген окуутуучуларды бир кафедрага чогултуу жана анын сапаттык курамын 60% ке жеткирүү зарыл. | 01.09.2021 ж. |
| 5 | "Окуу планында" көрсөтүлгөн атайын окуу китептеринин саны лицензиялык талаптарга дал келбейт: "милдеттүү", сөзсүз болууга тийиш болгон (объязательные учубники) окуулуктарды уюштуруу, алардын санын китепканалык фонд аркылуу эсепке алынбайт.<br>Сунуш: сөзсүз болууга тийиш болгон окуулуктардын санын лицензиялык талаптарга денгээлине жеткирүү аркылуу окуу-методикалык камсыздалууну жакшыртуу зарыл. | 01.01.2022 ж. |

| | | |
|---|---|---|
| **6** | 532000 – «Дене тарбия» кесиптик билим берүү (магистратура) багытын ишке ашырууга керектүү **МТБ жетишсиз**, мамлекеттик билим берүү станларттарында (ГОС) көрсөтүлгөн төмөнкүлөр уюштурулбаган:<br>• Окуу жайынын менчигинде болгон, футбол талаасы жана чуркоо тилкелери бар стадиондун болуусу (стадион с футболным полем и беговыми дорожками);<br>• Бассейн<br>• Лыжная база и д.<br>Окуу жайынын жетекчилиги кээ бир объекттерди башка окуу жайлар менен бирге пайдаланууну колго алышкан, бирок бирге пайдалануу (совместное использование) шарты Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында каралган эмес. Ар бир окуу жайынын материалдык-техникалык базасы "өз менчигинде" болууга тийиш.<br>Ал эми, арендалык шартта башка уюмдун менчигин пайдалануу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган (КР нын Жарандык кодекси, 2-бөлүк, 589-593-беренелери). Андай шарттарда пайдалануулар бул окуу жайында жок.<br>Сунуш: ГОСтун талабына жараша МТБ ны толуктоо зарыл. | 01.05.2022 ж. |
| **7** | Илимий-изилдөө ишин жандандыруу максатында өзүнчө атайын илимий-лабораториялык база түзүүнү (иштердин багатын жана пландарын белгилөөнү, о.э., жооптуу кызматкерлерди дайындоону) колго алуу | 01.01.2022 ж. |
| **8** | Жыл сайын шартка жараша "Окуу планын" түзгөн (жаңылаган) кезде жумуш берүүчүлөр катышпайт, алардын ой-пикири, сунуштары эске алынбайт.<br>Сунуш: жылына бир жолу жумуш берүүчүлөр менен бирге "Окуу планын" өзгөтүүнү колго алуу, бул багыттагы уюштурулган иш чаралар жөнүндө далилдүү маалыматтардын болуусуна жетишүү. | 01.01.2022 ж. |